ЖАЛАЛ-АБАД ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИНИН
Окумуштуулар кеңешинин жыйынынын
№11/25 ПРОТОКОЛУ

2026-ж. 29-июнь Манас ш.

Окумуштуулар кеңешинин курамы:
Баары: 18
Катышкандар: 14
Катышпагандар: 4 (себептүү)

Окумуштуулар кеңешинин жыйыны башталардан мурун Кыргыз Республикасынын гимни жаңырды.

ЖАЭУнун ректору, Окумуштуулар кеңешинин төрагасы ф-м.и.к., доцент М.Р. Нарбаев Окумуштуулар кеңешинин жыйынында каралуучу күн тартибиндеги маселелер менен тааныштырды.

КҮН ТАРТИБИ:

№	Каралуучу маселелер	Жооптулар	Регламент	Тиешелүү материалдар
1	2025-2026-окуу жылындагы Окумуштуулар кеңешинин чечимдеринин аткарылышы жөнүндө	Асилова З.А. - окумуштуу катчы	10 мин	Баяндама, токтом долбоору
2	2025-2026-окуу жылына карата проректорлордун, структуралык бөлүмдөрдүн жылдык отчеттору	Садырова Н.А. – окуу иштери боюнча проректор Асилова З.А. – илим, мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректор Торокулов Э.Ш. –чарба иштери боюнча проректор Астанов Ш.М. – медицитналык факультеттин деканы Бекташев М. С – Эл аралык байланыштар, маркетинг бөлүмүнүн башчысы	20 мин	Отчеттор, баяндамалар
3	Ар түрдүү маселелер			
3.1	Айрым жоболорду бекитүү жөнүндө	Асилова З.А. – илим, мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректор	10 мин	Баяндама, токтом долбоору
3.2	2026-2027-окуу жылына карата акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарынын тарифин бекитүү	Нарматов М.К. - экономист	5 мин	Баяндама, токтом долбоору

3.3	Коррупцияга каршы комиссиясынын ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгы жөнүндө	Укубаева А.Н. – Коррупцияга каршы комиссиясынын төрайымы	10 мин	Баяндама, токтом долбоору

Күн тартиби боюнча сунуштар болгон жок. Күн тартибинде каралуучу маселелерди бекитүү добушка коюлду. Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен күн тартиби бир добуштан бекитилди.

Каралып жаткан маселелер боюнча маалымат берүү 5 мүнөттөн 10 мүнөткө чейин болсун деген регламент сунушталды. Регламентти бекитүү добушка коюлду. Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен регламент бир добуштан бекитилди.

1-маселе боюнча ***Окумуштуу катчы Асилова Зульфия Атамырзаевна*** 2025–2026-окуу жылындагы Окумуштуулар кеңешинин чечимдеринин аткарылышы жөнүндө кеңири маалымат берди.

Ал өз баяндамасында Окумуштуулар кеңеши университеттин билим берүү, илимий-изилдөө, тарбиялык, эл аралык кызматташтык жана административдик-чарбалык ишмердүүлүгүнө тиешелүү маселелерди үзгүлтүксүз карап келгендигин белгиледи. Отчеттук мезгил ичинде өткөрүлгөн бардык жыйындарда кабыл алынган чечимдер тиешелүү проректорлорго, факультет жана структуралык бөлүмдөргө өз убагында жеткирилип, алардын аткарылышына туруктуу мониторинг жүргүзүлгөнүн маалымдады.

Баяндамачынын маалыматына ылайык, отчеттук мезгил ичинде кабыл алынган чечимдердин негизги бөлүгү белгиленген мөөнөттөрдө аткарылган.

Атап айтканда:

- билим берүү программаларын өркүндөтүү жана мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык окуу пландарын жана башка нормативдик укуктук документтерди жаңылоо боюнча иштер жүргүзүлдү;
- профессордук-окутуучулук курамдын аттестациясын өткөрүү, KPI жана рейтингдик баалоо системасын киргизүү боюнча жаңы жоболор иштелип чыгып, практикага киргизилди;
- профессордук-окутуучулук курамдын бош кызмат орундарын конкурстук негизде ээлөө тартиби кайрадан каралып чыгып, жаңы редакциядагы жобо бекитилди;
- илимий долбоорлорго катышуу, эл аралык илимий журналдарда макалаларды жарыялоо жана патенттик ишмердүүлүктү өнүктүрүү боюнча бир катар иштер жүргүзүлдү;
- университеттин ички сапат менеджмент системасын өркүндөтүүгө байланыштуу ички ченемдик документтер жаңыланды;
- эл аралык байланыштарды өнүктүрүү, академиялык мобилдүүлүктү кеңейтүү жана чет өлкөлүк өнөктөш жогорку окуу жайлары менен кызматташтыкты чыңдоо боюнча иштер жүргүзүлдү;
- материалдык-техникалык базаны чыңдоо, окуу лабораторияларын жаңылоо жана окуу имараттарын оңдоо боюнча тиешелүү иштер аткарылды;
- студенттердин социалдык абалын жакшыртуу, тарбиялык иш-чараларды уюштуруу жана жаштар саясатын өнүктүрүү боюнча комплекстүү иштер жүргүзүлдү.

Асилова З.А. айрым чечимдер узак мөөнөттүү болгондуктан алардын аткарылышы кийинки окуу жылында дагы улантыларын белгиледи. Ошондой эле бардык жооптуу кызматкерлерге кабыл алынган чечимдердин өз убагында аткарылышын камсыз кылуу боюнча сунуштарын берди.

СӨЗ СҮЙЛӨШТҮ:

Нарбаев М.Р. – ректор, Окумуштуулар кеңешинин төрагасы

Ректор өз сөзүндө Окумуштуулар кеңешинин ишинин негизги максаты университеттин стратегиялык өнүгүүсүн камсыз кылуу экендигин белгиледи. Ал кабыл алынган

чечимдердин аткарылышы ар бир жетекчинин жеке жоопкерчилиги экенин айтып, отчеттук мезгилде жооптуу кызматкерлер тарабынан бир топ иштер аткарылганын белгиледи.
Ошол эле учурда кабыл алынган чечимдерди аткарууда формалдуулукка жол берилбестен, алардын натыйжалуулугуна өзгөчө көңүл буруу зарылдыгын белгиледи. Өзгөчө илимий ишмердүүлүктү активдештирүү, Scopus жана Web of Science базаларына кирген журналдардагы публикациялардын санын көбөйтүү, билим берүү программаларын эл аралык талаптарга ылайык жаңылоо, ички сапат системасын өркүндөтүү жана санариптик башкаруу элементтерин кеңири киргизүү боюнча иштерди күчөтүүнү тапшырды.
Ошондой эле алдыдагы окуу жылында кабыл алынган бардык чечимдердин аткарылышына квартал сайын мониторинг жүргүзүлүп турушу керектигин белгиледи.

Садырова Н.А. – окуу иштери боюнча проректор

Ал окуу процессин уюштурууга байланыштуу кабыл алынган бардык чечимдер негизинен аткарылганын маалымдады. Билим берүү программалары жаңыланып, силлабустар жана окуу-методикалык комплекстер мамлекеттик стандарттарга ылайык кайрадан иштелип чыкканын билдирди. Жаңы окуу жылына даярдык боюнча тиешелүү иштер жүргүзүлүп жатканын белгиледи.

Токтом долбоору

1. 2025–2026-окуу жылындагы Окумуштуулар кеңешинин чечимдеринин аткарылышы жөнүндө окумуштуу катчы З.А. Асилованын маалыматы канааттандырарлык деп табылсын.
2. Окумуштуулар кеңешинин протоколдорунда көрсөтүлгөн тапшырмалардын аткарылышы боюнча жүргүзүлгөн иштер канааттандырарлык деп баалансын.

Токтом долбоору добушка коюлуп, бир добуштан кабыл алынды.

2-маселе боюнча университеттин проректорлору жана структуралык бөлүмдөрдүн жетекчилери 2025–2026-окуу жылында аткарылган иштер боюнча жылдык отчетторун сунушташты.

Алгач ***окуу иштери боюнча проректор Садырова Н.А.*** сөз сүйлөп, окуу процессин уюштуруу, мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарын аткаруу, билим берүү программаларын жаңылоо, окуу пландарын жана силлабустарды өркүндөтүү, окуу-методикалык камсыздоону күчөтүү, окуу процессин санариптештирүү жана билим берүүнүн сапатын жогорулатуу багытында жүргүзүлгөн иштер тууралуу кеңири маалымат берди.

Ал отчеттук мезгил ичинде билим берүү программаларына өзгөртүүлөр киргизилип, эмгек рыногунун талаптарына ылайык жаңыланганын белгиледи. Окутуунун кредиттик технологиясын өркүндөтүү, электрондук билим берүү платформаларын пайдалануу, аралык жана аралаш окутуу технологияларын колдонуу боюнча тиешелүү иштер жүргүзүлгөнүн маалымдады.

Ошондой эле окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу, окуу-методикалык комплекстерди жаңылоо, окуу сабактарынын сапатына ички мониторинг жүргүзүү жана бүтүрүүчүлөрдүн билим деңгээлин баалоо боюнча жүргүзүлгөн иштерге токтолду. (отчет тиркелет)

Андан кийин ***илим, мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректор Асилова З.А.*** отчет менен чыгып сүйлөдү. Ал илимий-изилдөө иштеринин негизги жыйынтыктарына токтолуп, профессордук-окутуучулук курам тарабынан илимий макалаларды жарыялоо, патенттерди алуу, монографияларды чыгаруу жана республикалык, эл аралык илимий-практикалык конференцияларга катышуу боюнча аткарылган иштер тууралуу маалымат берди.

Ошондой эле университетте мамлекеттик тилди өнүктүрүү, тарбиялык иш-чараларды уюштуруу, студенттик өз алдынча башкарууну колдоо, маданий-массалык жана

коомдук иш-чараларды өткөрүү, жаштар саясатын ишке ашыруу боюнча жүргүзүлгөн иштер тууралуу баяндады.

Проректор илимий иштердин сапатын дагы да жогорулатуу, эл аралык рейтингдердеги көрсөткүчтөрдү жакшыртуу жана илимий долбоорлордун санын көбөйтүү алдыдагы окуу жылынын негизги милдеттеринин бири экендигин белгиледи.

Андан соң ***чарба иштери боюнча проректор Торокулов Э.Ш.*** университеттин материалдык-техникалык базасын чыңдоо боюнча жүргүзүлгөн иштер тууралуу маалымат берди.

Анын айтымында, отчеттук мезгил ичинде окуу корпустарында жана жатаканаларда оңдоо иштери жүргүзүлүп, окуу аудиториялары заманбап техникалык каражаттар менен камсыздалган. Университеттин аймагын көрктөндүрүү, инженердик тармактарды оңдоо жана өрт коопсуздугун камсыз кылуу боюнча бир катар иштер аткарылган.

Кийинки болуп ***медициналык факультеттин деканы Астанов Ш.М***. отчет берди.

Ал медициналык билим берүүнүн сапатын жогорулатуу, клиникалык базаларды кеңейтүү, студенттердин практикалык даярдыгын жакшыртуу жана эл аралык кызматташтыкты өнүктүрүү боюнча жүргүзүлгөн иштер тууралуу кеңири маалымат берди.

Ошондой эле факультеттин профессордук-окутуучулук курамы тарабынан илимий иштерди активдештирүү, аккредитация талаптарын аткаруу жана студенттердин билим сапатын жогорулатуу боюнча жүргүзүлгөн иштерге токтолду.

Андан соң ***эл аралык байланыштар жана маркетинг бөлүмүнүн башчысы Бекташев М.С***. отчет жасап, университеттин эл аралык байланыштарын кеңейтүү, жаңы меморандумдарды түзүү, академиялык мобилдүүлүктү уюштуруу, чет өлкөлүк өнөктөш университеттер менен кызматташууну өнүктүрүү жана университеттин эл аралык аброюн жогорулатуу боюнча жүргүзүлгөн иштер тууралуу маалымат берди.

Ошондой эле абитуриенттерди тартуу боюнча жүргүзүлгөн маркетингдик иш-чаралар, кесипке багыт берүү иштери, маалыматтык өнөктүктөр жана жалпыга маалымдоо каражаттары менен кызматташуу боюнча жүргүзүлгөн иштер жөнүндө маалымдады.

СӨЗ СҮЙЛӨШТҮ:

Нарбаев М.Р. – ректор, Окумуштуулар кеңешинин төрагасы Ректор бардык баяндамачылардын отчетторун угуп чыгып, университет үчүн 2025–2026-окуу жылы ийгиликтүү аяктаганын белгиледи.

Ал билим берүү сапатын камсыз кылуу, илимий потенциалды жогорулатуу жана эл аралык кызматташтыкты өнүктүрүү боюнча белгилүү жыйынтыктарга жетишилгенин белгилөө менен бирге, алдыдагы мезгилде иштердин натыйжалуулугун дагы да жогорулатуу зарылдыгын айтты.

Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү баяндамачылардын отчеттору боюнча суроолорду берип, сунуштарын айтышты. Алар окуу процессинин сапатын жакшыртуу, илимий иштерди коммерциялаштыруу, эл аралык кызматташууну кеңейтүү жана университеттин рейтингин жогорулатуу боюнча сунуштарды беришти.

Баяндамачылар берилген суроолорго толук жооп берип, сунуштарды кийинки окуу жылындагы иш пландарына киргизе тургандыктарын билдиришти.

Токтом долбоору

1. Окуу иштери боюнча проректор Н.А. Садырованын, илим, мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректор З.А. Асилованын, чарба иштери боюнча проректор Э.Ш. Торокуловдун, медициналык факультеттин деканы Ш.М. Астановдун жана эл аралык байланыштар жана маркетинг бөлүмүнүн башчысы М.С. Бекташевдун 2025–2026-окуу жылындагы аткарылган иштери боюнча жылдык отчеттору канааттандырарлык деп табылсын.

3. Ар түрдүү маселелер.

3.1-маселе боюнча ***илим, мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректор Асилова З.А.*** баяндама жасап, университетте илимий-инновациялык ишмердүүлүктү өнүктүрүү, жаш окумуштууларды жана студенттерди илимий долбоорлорго тартуу, ошондой эле илимий изилдөөлөрдүн натыйжаларын билим берүү процессине натыйжалуу интеграциялоо максатында иштелип чыккан бир катар ички ченемдик документтерди Окумуштуулар кеңешинин кароосуна сунуштады.

Баяндамачы белгилегендей, сунушталган жоболор Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларына, Жогорку кесиптик билим берүү жөнүндө мамлекеттик стандарттарга, Жалал-Абад эл аралык университетинин Уставына жана университеттин 2025–2030-жылдарга карата өнүгүү стратегиясына ылайык иштелип чыккан.

Окумуштуулар кеңешинин кароосуна төмөнкү үч жобо сунушталды:

1. «Жалал-Абад эл аралык университетинин “Стартап” программасы жөнүндө жобо».

Бул жобо университетте инновациялык системаны өнүктүрүү, студенттердин инновациялык идеяларын колдоо, стартап долбоорлорду иштеп чыгуу жана коммерциялаштыруу боюнча бирдиктүү механизмди түзүү максатында даярдалган.

Жободо «Стартап» программасына катышуунун тартиби, катышуучуларга коюлуучу талаптар, долбоорлорду тандоо критерийлери, эксперттик баалоо, ментордук колдоо, финансылык жана уюштуруучулук жардам көрсөтүү механизмдери, ошондой эле долбоорлордун ишке ашырылышына жарыяларды жүргүзүү тартиби аныкталган.

2. «Жалал-Абад эл аралык университетинин илимий-изилдөө долбоорлорунун конкурсун өткөрүү жөнүндө жобо».

Бул жобонун негизги максаты университеттин илимий потенциалын жогорулатуу, атаандаштыкка жөндөмдүү илимий долбоорлорду колдоо, жаш окумуштууларды жана илимий жамааттарды гранттык долбоорлорго тартуу болуп саналат.

Жободо конкурсту уюштуруунун тартиби, долбоорлорду кабыл алуу, көз карандысыз эксперттик баалоо, жеңүүчүлөрдү аныктоо, долбоорлорду каржылоо жана алардын аткарылышына мониторинг жүргүзүү тартиби кеңири каралган.

Мындан тышкары, илимий долбоорлордун жыйынтыктарынын практикалык маанисине, инновациялык мүнөзүнө жана аларды өндүрүшкө же билим берүү процессине киргизүү мүмкүнчүлүгүнө өзгөчө көңүл бурулган.

3. «ЖАМУнун илимий изилдөөлөрүнүн натыйжаларын билим берүү процессине киргизүү жөнүндө жобо» (внедрение).

Бул жобо университетте жүргүзүлгөн илимий изилдөөлөрдүн натыйжаларын окуу процессине кеңири жайылтуу, билим берүү программаларын заманбап илимий жетишкендиктер менен толуктоо жана илим менен билим берүүнүн интеграциясын камсыз кылуу максатында иштелип чыккан.

Жободо илимий натыйжаларды окуу программаларына, силлабустарга, окуу жана окуу-методикалык колдонмолорго киргизүү, жаңы билим берүү технологияларын колдонуу, практикалык жана лабораториялык сабактарда илимий жетишкендиктерди пайдалануу, ошондой эле алардын натыйжалуулугуна мониторинг жүргүзүү тартиби белгиленген.

Баяндамачы сунушталган жоболор алдын ала юридикалык экспертизадан өткөрүлүп, тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөр менен макулдашылганын жана университеттин илимий-инновациялык ишмердүүлүгүн жаңы деңгээлге чыгарууга багытталганын белгиледи.

СӨЗ СҮЙЛӨШТҮ:

Нарбаев М.Р. – ректор, Окумуштуулар кеңешинин төрагасы

Ректор сунушталган жоболор университеттин илимий жана инновациялык өнүгүүсү үчүн өзгөчө мааниге ээ экендигин белгиледи. Ал бүгүнкү күндө жогорку окуу жайлардын

атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү билим берүү менен катар илимий изилдөөлөрдүн сапатына жана алардын практикалык натыйжалуулугуна түздөн-түз көз каранды экенин айтты.

Өзгөчө «Стартап» программасы жөнүндө жобо университетте инновациялык маданиятты калыптандырууга, студенттердин ишкердик жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө жана жаңы технологиялык долбоорлорду түзүүгө өбөлгө болорун белгиледи.

Ошондой эле илимий долбоорлордун конкурсун өткөрүү илимий демилгелердин сапатын жогорулатып, ички гранттык каржылоо механизмдерин өнүктүрүүгө мүмкүндүк берерин айтты.

Ректор илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыктары сөзсүз түрдө окуу процессинде колдонулушу керектигин белгилеп, ар бир кафедра өзүнүн илимий жетишкендиктерин билим берүү программаларына киргизүүгө жоопкерчилик менен мамиле кылууга тийиш экендигин баса белгиледи.

Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү сунушталган жоболорду талкуулап, алардын университеттин илимий-инновациялык ишмердүүлүгүн өнүктүрүүдө маанилүү укуктук негиз боло тургандыгын белгилешти. Жоболор боюнча бир катар редакциялык сунуштар айтылып, алар эске алуу менен кабыл алуу сунушталды.

Токтом долбоору

1. «Жалал-Абад эл аралык университетинин “Стартап” программасы жөнүндө жобо» бекитилсин.

2. «Жалал-Абад эл аралык университетинин илимий-изилдөө долбоорлорунун конкурсун өткөрүү жөнүндө жобо» бекитилсин.

3. «ЖАЭУнун илимий изилдөөлөрүнүн натыйжаларын билим берүү процессине киргизүү жөнүндө жобо» бекитилсин.

4. Бекитилген жоболор 2026-жылдын 1-июлунан тартып күчүнө киргизилсин.

3.2-маселе 2026–2027-окуу жылына карата акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарынын тарифтерин бекитүү жөнүндө ***университеттин экономисти Нарматов М.К.*** баяндама жасап, 2026–2027-окуу жылына карата акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарынын тарифтеринин долбоорун сунуштады.

Ал тарифтерди аныктоодо өлкөдөгү социалдык-экономикалык абал, инфляция көрсөткүчтөрү, коммуналдык кызматтардын, окуу-лабораториялык материалдардын, окуу процессин уюштурууга кеткен чыгымдардын өсүшү жана университеттин финансылык туруктуулугун камсыз кылуу зарылдыгы эске алынганын билдирди.

Ошондой эле жаңы тарифтер билим берүү кызматтарынын сапатын жакшыртууга, материалдык-техникалык базаны чыңдоого, заманбап окуу жабдууларын сатып алууга жана кызматкерлердин эмгегине татыктуу акы төлөөгө өбөлгө түзөрүн белгиледи.

Экономист сунушталган тарифтер башка жогорку окуу жайларындагы орточо баалар менен салыштырылып талданганын жана алардын атаандаштыкка жөндөмдүү деңгээлде түзүлгөнүн маалымдады.

СӨЗ СҮЙЛӨШТҮ:

Нарбаев М.Р. – ректор

Ректор университеттин финансылык туруктуулугун сактоо менен бирге билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу негизги милдет бойдон каларын белгиледи.

Ал кабыл алынуучу тарифтер окуу процессинин сапатын жогорулатууга, билим берүү инфраструктурасын өнүктүрүүгө жана университеттин стратегиялык өнүгүүсүнө кызмат кылышы керек экендигин айтты.

Ошондой эле кабыл алынган тарифтер тууралуу маалыматтарды расмий сайтка жана кабыл алуу комиссиясынын маалыматтык ресурстарына өз убагында жайгаштырууну тапшырды.

Токтом долбоору

1. 2026-2027-окуу жылына карата окуу акысын жана акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарын көрсөтүлгөн тарифте сунушталсын (баалардын прейскуранты тиркелет).
2. Бекитип берүү жага камкордук жана негиздөөчүлөр кеңештеринен суралсын.

3.3-МАСЕЛЕ

Коррупцияга каршы комиссиясынын ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгы жөнүндө ***Коррупцияга каршы комиссиянын төрайымы Укубаева А.Н.*** отчет берип, университетте коррупциянын алдын алуу жана ага каршы аракеттенүү боюнча жүргүзүлгөн иштер жөнүндө кеңири маалымат берди.

Ал отчеттук мезгил ичинде коррупцияга каршы иш-чаралар планынын негизинде бир катар уюштуруучулук, түшүндүрүү жана профилактикалык иштер аткарылганын билдирди.

Атап айтканда:

- профессордук-окутуучулук курам, кызматкерлер жана студенттер арасында түшүндүрүү иштери жүргүзүлгөн;
- академиялык чынчылдык принциптерин сактоо боюнча семинарлар жана жолугушуулар уюштурулган;
- ачык-айкындуулукту камсыз кылуу максатында электрондук маалыматтык системаларды колдонуу кеңейтилген;
- студенттерден жана кызматкерлерден келип түшкөн кайрылуулар комиссия тарабынан өз убагында каралган;
- ички көзөмөл жүргүзүлүп, мыйзам бузуулардын алдын алуу боюнча сунуштар даярдалган.
- Студенттер арасында анкеталар жүргүзүлгөн.

Баяндамачы университетте коррупциялык укук бузууларга жол бербөө боюнча иштер системалуу жүргүзүлүп жатканын белгиледи.

СӨЗ СҮЙЛӨШТҮ:

Нарбаев М.Р. – ректор

Ректор коррупцияга каршы саясат университеттин негизги принциптеринин бири экенин белгиледи.

Ал билим берүү процессинин бардык баскычтарында мыйзамдуулукту, ачык-айкындуулукту жана академиялык ак ниеттүүлүктү камсыз кылуу ар бир кызматкердин милдети экендигин айтып, коррупциянын алдын алуу боюнча профилактикалык иштерди мындан ары дагы күчөтүүнү тапшырды.

Ошондой эле бардык жетекчилер өз бөлүмдөрүндө ички көзөмөлдү күчөтүп, кызыкчылыктардын кагылышын болтурбоо жана кызматтык этиканы сактоо боюнча иштерди туруктуу жүргүзүүгө милдеттүү экенин белгиледи.

Токтом долбоору

1. Коррупцияга каршы комиссиясынын 2025–2026-окуу жылындагы ишмердүүлүгү жөнүндө отчету маалымат үчүн кабыл алынсын.

Окумуштуулар кеңешинин кезектеги жыйынынын жыйынтыгында, айтылган сунуштарды жана толуктоолорду эске алуу менен, Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү бир добуштан төмөнкүдөй чечим кабыл алышты:

ЧЕЧИМ:

1. а) 2025–2026-окуу жылындагы Окумуштуулар кеңешинин чечимдеринин аткарылышы жөнүндө окумуштуу катчы З.А. Асилованын маалыматы канааттандырарлык деп табылсын.

б) Окумуштуулар кеңешинин протоколдорунда көрсөтүлгөн тапшырмалардын аткарылышы боюнча жүргүзүлгөн иштер канааттандырарлык деп баалансын.

2. Окуу иштери боюнча проректор Н.А. Садырованын, илим, мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректор З.А. Асилованын, чарба иштери боюнча проректор Э.Ш. Торокуловдун, медициналык факультеттин деканы Ш.М. Астановдун жана эл аралык байланыштар жана маркетинг бөлүмүнүн башчысы М.С. Бекташевдун 2025–2026-окуу жылындагы аткарылган иштери боюнча жылдык отчеттору канааттандырарлык деп табылсын.

3. Ар түрдүү маселелер

3.1. а) «Жалал-Абад эл аралык университетинин “Стартап” программасы жөнүндө жобо» бекитилсин.

б) «Жалал-Абад эл аралык университетинин илимий-изилдөө долбоорлорунун конкурсун өткөрүү жөнүндө жобо» бекитилсин.

в) «ЖАЭУнун илимий изилдөөлөрүнүн натыйжаларын билим берүү процессине киргизүү жөнүндө жобо» бекитилсин.

г) Бекитилген жоболор 2026-жылдын 1-июлунан тартып күчүнө киргизилсин.

3.2. а) 2026-2027-окуу жылына карата окуу акысын жана акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарын көрсөтүлгөн тарифте сунушталсын (баалардын прейскуранты тиркелет).

б) Бекитип берүү жага камкордук жана негиздөөчүлөр кеңештеринен суралсын.

3.3. Коррупцияга каршы комиссиясынын 2025–2026-окуу жылындагы ишмердүүлүгү жөнүндө отчету маалымат үчүн кабыл алынсын.

Көчүрмөсү анык
ЖАЭУнун Окумуштуулар кеңешинин
окумуштуу катчысы, т.и.к., доцент: Асилова З.А.